**УДК 332.145 (2Ки)**

***Анарбай кызы С.***
*КГУ им. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***S. Anarbay k.***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН 60-70-ЖЫЛДАРДАГЫ АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

# СОЦИАЛЬНАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА В КЫРГЫЗСТАНЕ В 60-70-е ГОДЫ

# SOCIAL ORGANIZATION IN AGRICULTURE OF KYRGYZSTAN IN 60-70

***Аннотация:*** *Макалада документтик материалдардын негизинде өнүккөн социализм доору деп аталган 60-70-жылдардагы Кыргызстандын айыл чарбасынын социалдык түзүлүшү изилдөөгө алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан; социалдык-экономикалык; агрардык-жер реформасы; айыл чарбасы; билим берүү; саламаттыкты сактоо; демография.*

***Аннотация:*** *В статье на основе документальных материалов исследовано социальное развитие сельского хозяйства Кыргызстана в условиях эпохи развитого социализма в 60-70-е годы.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан; социально-экономическое развитие; аграрная реформа; сельское хозяйство; образование; здравоохранение; демография.*

***Annotation:*** *In the article on the basis of documentary materials social development of agriculture of Kyrgyzstan in the conditions of the era of the developed socialism in 60-70 years is investigated.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan; social and economical; land reform; agriculture; education; health protection; demography.*

Коомдун социалдык турмушунда анын социалдык түзүлүшү өзгөчө маанилүү орунда турат. «Коомдун социалдык түзүлүшү» деген түшүнүк өтө кеңири экендигин эске алуубуз керек. «Социалдык түзүлүш» өзүнө социалдык-демографиялык, социалдык-кесиптик, социалдык-таптык, социалдык-улуттук ж.б. коомдогу социалдык түшүнүктөрдү камтыйт.

Коомдун социалдык түзүлүшүнө өзгөрүүлөр мүнөздүү экендиги, аларды түшүнбөй туруп коомдук ишмердикке бир кадам да жасоого болбостугу белгилүү. Коомдун өнүгүшүн жаңы баскычка көтөрүүдө коомдун социалдык түзүлүшүн изилдеп үйрөнүүнүн өзгөчө мааниси бар. Бул иште мурда калыптанган догматикалык, турмуштан ажыраган, ал тургай аны бурмалаган жоболордон арылып, Социалдык түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү милдети турат [6, 35].

Макалада Кыргызстандын айыл-кыштак калкынын социалдык түзүлүшүндө 1966-1970-жылдарда болгон өзгөрүүлөрдү чагылдыруу аракети жасалган. Биз жогоруда белгилегендей, айылдын социалдык түзүлүшү деген түшүнүк ары кеңири жана татаал. Бир бөлүм аркылуу бул маселени ар тараптуу кароо мүмкүн эмес. Ошондуктан айыл-кыштактардагы демографиялык өзгөчөлүктөргө, эмгек ресурстарынын абалына, айыл элинин билим, кесипчилик-техникалык деңгээлине жана калктын социалдык-таптык түзүлүшүнө көңүл бурмакчыбыз.

Айыл чарбасынын техникалык жабдылышы, эмгек куралдары менен камсыз болушу, илим жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу деңгээли боюнча акырындык менен жогору өнүккөн мамлекеттердин алдыңкы катарына жеткирүү иш аракеттери, 70-жылдары өлкөнүн агрардык саясатты ишке ашыруу программаларында белгилүү бир орундарды ээлеген. Партиялык документтерде айыл чарбасын индустриялаштырылган тармакка айландыруунун

кеңири масштабдагы программалары белгиленген. Съезддерде кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу максатында жергиликтүү партиялык уюмдар өз ишмердиктерин айыл эмгекчилеринин жогорудагы программаларды ишке ашырууга, уюштурууга багытташкан [1, 87].

Айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүү үчүн биринчи кезекте колхоз, совхоздордун материалдык-техникалык базасын чыңдоо маселеси турган. Ал эми чарба өндүрүшүн материалдык жана техникалык жактан камсыз кылуунун негизги фактору болуп капиталдык салымдар эсептелген.70-жылдары, жалпы өлкөдөгү абал сыяктуу эле, Кыргызстанда айыл чарбасына карата инвестициялык саясатта өзгөрүүлөр байкалат [5, 23].

1976–1985-жылдары республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүгө 4 млрд 33 млн сом мамлекеттик жана колхоздук каражат жумшалган. Айыл чарбасына капиталдык салымдарды жумшоо жылдан жылга өсүп турган. Мисалы, 11-беш жылдыкта капиталдык салым 1,5 млрд сомду түзгөн, б.а. 8-беш жылдыкка салыштырмалуу 3,4 эсе көп болгон. Бирок, айыл чарбасына багытталган капиталдык салымдар толугу менен түздөн-түз бул тармакка жумшалбастан, башка максаттарга сарпталган. Элдик көзөмөл комитети, Айыл чарба министирлиги жүргүзгөн текшерүүлөргө караганда, айыл чарба тармагына жумшалган каражаттарды пайдаланууда катачылыктар орун алган. Муну архивдик материалдар толуктап турат. Мисалы, кээ бир чарбаларда белгилүү өлчөмдөгү каражаттар ар кандай эркин коомдордун мүчөлүк акыларын төлөөгө, медициналык жайларды, төрөт үйлөрдү камсыз кылууга жана айылдык тургундарга акысыз кинофильмдерди, оюндарды көрсөтүүгө, ар кандай сый көрсөтүү маарекелерине, түшүмдү жыйноо аяктагандан кийин түштөнүүгө, тамактанууга жумшалган. 1976–1982-жылдары мына ушундай максаттар менен 30,5 млн. сом акча сарп кылынган. Анын ичинде 1980–1982-жылдары гана 16,4 млн сом каражат жумшалган. Мындай фактылардын орун алышы чарбалардын финансылык абалынын төмөндөшүнүн себептеринин бири болуп калган. Айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган каражаттардын башка максаттарга колдонулуп жатышы боюнча бир канча жолу Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Министрлер Совети тарабынан чечимдер кабыл алынган. Бирок алар эч кандай натыйжаларды деле берген эмес. Финансылык катачылыктарга карабастан, белгилүү өлчөмдөгү каражаттарды айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшоо айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык базасын көп багыт боюнча өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзгөн [6, 88].

Кыргызстандын демографиялык өзгөчөлүктөрүнүн экинчиси – шаар калкына салыштырмалуу айыл-кыштак калкынын сан жагынан басымдуулук кылгандыгында. Каралып жаткан 1965–1985-жылдары Кыргызстанда айыл калкы көбөйсө, СССР боюнча айыл калкы 47 пайыздан 35 пайызга төмөндөгөн.

Айыл-кыштак калкынын сан жагынан өсүшү республиканын облустары боюнча караганда да байкалат. Алсак, 1965–1985-жылдарда алар Ысык-Көл облусунда 201,4 миңден 254,4 миңге; Нарын облусунда 142,7 миңден, 206,6 миңге; Ош облусунда 683 миңден 1194,3 миңге; ал эми Талас облусунда 143,7 миңден 204,1 миңге өскөн. Өсүш өзгөчө Ош жана Нарын облустарынын аймактарында жогору болгон. Облустар боюнча алганда айылдыктар андагы калктын Ысык-Көл облусунда 69, Ош облусунда 70, Талас облусунда 76, ал эми Нарын облусунда 82 пайызын түзгөн[4, 373-б].

Кыргызстандын климаты да кескин континенталдуу, субтропикадан бийик тоолуу тундрага чейин өзгөрөт. Жайкысын айрым өрөөндөрдө аба 43 градуска чейин ысык болсо, кышкысын сууктун күчү 53 градуска чейин жетет. Кыргызстандын географиялык бул өзгөчөлүктөрү айыл калкынын жайгашышына сөзсүз таасирин тийгизет. Айыл калкынын алтыдан төрт бөлүгү Кыргызстан жеринин 15 пайызын гана ээлеген өрөөндөргө, тоолордун арасындагы ойдун жерлерге жайгашышкан. Бул жерлерде калктын жыштыгы 1 чарчы метрге жерге 30дан 80 адамга чейин жетет. Каралып жаткан жылдары Ош облусунда 1$м^2$ жерге орто эсеп менен 24 адам, Талас облусунда – 13, Ысык-Көл облусунда – 8, Нарын облусунда – 5 гана адам туура келген [4, 373].

Кыргызстандын айыл-кыштактарынын социалдык-демографиялык түзүлүшүн изилдөөдө дагы бир өзгөчөлүк-эмгекке жарамдуу жаштагы адамдардын санынын союздагыдан 6-8 пайызга төмөн экендигинде. Бул, биринчиден, Кыргызстанда салыштырмалуу өлүмдүн аздыгы жана

төрөлгөндөрдүн жогорку деңгээлде экендиги менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан айыл калкында карылардын жана балдардын саны союздук көрсөткүчкө караганда кыйла жогору болгон. Экинчиден, айыл-кыштактардан шаарга кеткендер негизинен эмгекке жарамдуу адамдар болгондуктан, айылда эмгекке жарамсыз адамдардын саны өскөн. Үчүнчүдөн, айыл-кыштактарда жергиликтүү улуттар жашагандыктан жана тарыхый салт боюнча үй-бүлөлөр мүмкүн болушунча көп балалуу болууга аракеттенишкендиктен, балдар айыл калкынын көпчүлүгүн түзгөн [2, 78].

Кыргыз айыл-кыштактарында кылымдап калыптанган үй-бүлөлүк жана нике мамилелери көбүрөөк сакталган. Мисалы, кыргыз айыл-кыштактарынын үй-бүлөлөрүнө көп балалуулук, үй-бүлөдө көптөгөн туугандардын, жаш жубайлардын ата-энеси менен чогуу жашоосу өңдүү өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Жогоруда биз айткан эл каттоо боюнча үй-бүлө орто эсеп менен СССР боюнча 3,5 адамдан турса, Кыргызстанда – 4,6, ал эми кыргыз улутундагылардын үй-бүлөсү 5,7 адамдан турган. Кыргызстандын айылдарында балдары 7ден көп үй-бүлөлөр басымдуулук кылган. Эгерде СССР боюнча 1000 аялдын (төрөт жашындагы) 43ү 7 же андан көбүрөөк балалуу болсо, 1000 кыргыз аялдарынын 208и 7 же андан көбүрөөк балалуу болушкан. Башкача айтканда, Союз боюнча төрөт жашындагы 1000 аялга 1963 бала, кыргыздарда 3363 бала туура келген. Кыргызстандын 35-39 жаштагы аялдарынын төрөткө мүмкүнчүлүгү союздагы аялдарга салыштырганда 3,8 эсеге, ал эми 44-45 жаштагы кыргыз аялдарынын мүмкүнчүлүгү 5,2 жогору болгон.

Ошентип, республикадагы айыл-кыштакта жашаган энелер негизинен 20-39 жаш курагында көп төрөшкөн. Изилденип жаткан мезгилдин соңку беш жылында бул жаштагы энелерден төрөлгөн балдардын дагы саны өскөн. Жалпысынан алганда, Кыргызстанда балдардын төрөлүшү Союздагы орточо көрсөткүчтөн жогору болгон дагы статистика маалыматына кайрылалык. 1984-жылы 1000 адамга эсептегенде өлкө боюнча 19,6 бала төрөлсө, бул көрүнүш Кыргызстанда 1,5 эсеге көптүк кылып, 31,4 балага жеткен. Балдардын төрөлүшү өзгөчө жергиликтүү улуттар жашаган айыл-кыштактарда жогору болгон. Ушул жерден айта кетелик, 60-80-жылдары жалпы эле Кыргызстанда, ошондой эле айыл-кыштактарда да балдардын төрөлүшүндө мурдагы жылдарга караганда бир аз болсо дагы төмөндөө тенденциясы башталгандыгы байкалат. Окумуштуулар муну соңку жылдарда кыргыз элинде демографиялык жарылуу процесси өтө баштагандыгы менен түшүндүрөт [6, 111].

Калктын жашоосунун орточо узактыгы коомдун социалдык-экономикалык абалы, адамдардын жашоо шарты, саламаттык сактоонун өнүгүш деңгээли менен тыгыз байланышта. Совет бийлигинин жылдарында анын камкордогунун натыйжасында Кыргызстандын калкынын жашоосунун орточо узактыгы көбөйгөнүн эч ким тана албайт. 1979–1980-жылдары Кыргызстанда адамдардын жашоосунун орточо узактыгы 66 жашты түзгөн (эркектердики – 61,1, аялдардыкы – 70,1,) бул, Союз боюнча алганда, орточо көрсөткүчкө барабар болгон. Кыргызстандын айылында балдар көп төрөлгөндүктөн, жаштар көпчүлүктү түзгөн. Натыйжада, адам өлүмүнүн көрсөткүчтөрү СССРдин бөлөк региондоруна караганда төмөн болгондугун калктын табигый өсүшү да жогору тургандыгын көрөбүз. Алсак, 1965-жылы Кыргызстанда 1000 адамга эсептегенде 31,4 бала төрөлүп 6,5 адам өлгөн, – табигый өсүш 24,9%; 1975-жылы 30,5 бала төрөлүп, 7,4 адам каза болгон, – табигый өсүш 22,5%; 1985-жылы 32,0 бала көз жарган, 8,1 адам каза болгон, – табигый өсүш 23,9 %. Ушул жылы СССР боюнча табигый өсүш 8,8 гана пайыз болгон. Статистика маалыматы боюнча, айыл-кыштактарда 1970-жылы 32,8 (24,5); 1985-жылы 36,8 (24,8) бала төрөлгөн. Демек, балдардын төрөлүшү шаарларда бир калыпта кармалса, айыл-кыштактарда кыйла жогорулаган. 1985-жылы жарым миллион калк жашаган Фрунзе шаарында калктын өсүшү 10,5 % гана болгондугун айта кетелик [6, 87].

Шаар жерине салыштырмалуу айыл-кыштак элинин өлүмүнүн көбөйүшүнүн себептери көп. Бул, биринчиден, айыл-кыштактарда саламаттык сактоо мекемелердин аздыгына, андагы адистердин жоктугуна, жогорку адистиктеги медициналык жардамдын жетишсиздигине байланыштуу. Айыл калкы үчүн райондун же чарбанын борборлорунда жайгашкан медициналык мекемелердин алыстыгы, транспорттук тейлөөдөгү кемчиликтер, айыл калкыы өз

убагында диспансердик дарылоонун үзгүлтүккө учуратылышы айылдыктардын өлүмүнө себепкер болгон.

Айыл-кыштак калкынын өлүмүнүн өсүшүнүн дагы бир себеби – андагылардын көпчүлүгүнүн кол күчүн талап кылган оор шарттарда эмгектенгендигинде. Эмгектенүүдө эң жөнөкөй коопсуздуктардын сакталбашы ар кандай кокустуктардан өлүүгө же майып болууга алып келген. Айыл-кыштактарда, өзгөчө эркектердин, жаштардын курман болушуна, биз карап жаткан жылдары өзгөчө тамыр жайган, масчылык, алкоголизм, баңгичилик, законду одоно бузган кылмыштуулуктун өсүшү да кыйла себепкер болгон [3, 65].

Кыргыз айыл-кыштактарында ымыркайлардын бир жашка жетпей чарчап калышын врачтар аялдардын жүйүр төрөшү менен да байланыштырат. Алар биринчи жана экинчи төрөлгөн балдарга караганда төртүнчү, бешинчи болуп төрөлгөн балдар эки эсе көп өлгөндүгүн аныкташкан. Жогоруда айткандардан Кыргызстандын айылынын эмгек ресурстары биринчи кезекте калктын табигый өсүшүн натыйжасында калыптангандыгын көрдүк. Айыл калкынын, андагы эмгек ресурстарынын өсүшүн, экинчиден, миграцияга байланыштуу болгон. Миграция жумушчу күчтөрүн айыл чарбасынан өнөр жайга, эл чарбасынан башка тармактарына бөлүштүрүүдө маанилүү экономикалык жана социалдык милдет аткарат, ал калктын турмуш деңгээлине, эмгектенүү шарттарына да байланыштуу. Айыл калкынын миграциясынын негизги себеби – өзү жашаган айыл-кыштактарда турак жай, өзгөчө транспорттук, маданий, медициналык ж.б. тейлөөнүн жетишсиздигине байланыштуу экендиги аныкталган. Бирок Кыргызстандын айыл калкынын миграциясы салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде болгон. Республиканын климаттык, географиялык өзгөчөлүктөрү, элдин кылымдар бою калыптанган үрп-адаты, өзгөчө эмгек салттары кыргыз калкын айылдарда кармап тургансыйт. Буга ошол кездеги шаарларда айыл жеринен келгендердин турак жайга жетишинин өтө татаалдыгы, ал тургай эсепке катталуу эрежесинин обу жок эле чектелиши өңдүү субъективдүү кыйынчылыктар да көп тоскоолдук болгон [7, 69]. Жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү өзү туулуп өскөн айыл-кыштактарда такай жашоого аракет жасалгандыгы да Кыргызстандын калкынын демографиялык өзгөчөлүктөрүнөн. Акыркы жүргүзгүлгөн эл каттоонун материалдарынан кыргыз элинин миграциясы бүткүл союздук көрсөткүчтөн 2 эсеге, орус элине салыштырганда 3 эсе төмөн экендиги аныкталган.

Жыйынтыктап айтсак, Кыргызстандын айыл-кыштактарынын 1966-1985-жылдардагы социалдык турмушу бир катар кемчиликтер натыйжалар менен да коштолгондугун баса белгилесек болот. Эгемендүү Кыргызстандын милдети өткөндөн сабак алып, коомдун социалдык турмушун ар тараптуу өнүктүрүүсү абзел.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А. Социально-культурное развитие современного киргизского сельского населения. Ф.: Илим, 1989. 212 б.
2. Бактыгулов Ж.С. Советтик Кыргызстандын калкынын социалдык составынын өзгөрүшү //Коммунист (Фрунзе) 1980, №7.
3. Джаманкулов Б. Социально-экономическое развитие села. Ф.: Илим, 1985. 107 с.
4. Курманалиев К.А., Жоошбекова А.Р. Ата Мекендин тарыхы (байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Бишкек, 2016. 608 б.
5. Осипов М.С. Социально-экономическое развитие села в период развитого социализма. Ф.: Кыргызстан, 1984. 75 с.
6. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын айыл-чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу. Бишкек, 1994. 288 б.
7. Өмүралиев Т.О., Уразбаев К.М. Кыргызстанда калктын жыргалчылыгын жогорулатуунун жолдору. Ф.: Кыргызстан, 1983. 86 б.


***Рецензент:*** *тарых илимд. канд., доценттин м.а. Д. Молдокулова*